ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№2 ПРОТОКОЛУ**

*27-октябрь, 2025-жыл.*

*Төрага* Б.А. Азимов
*Окумуштуу катчы* З.Ж. Мурзакматова
*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 47 мүчөсүнөн 40 мүчөсү катышты.

*Күн тартиби:*

1. МФТИТ институтунун бакалавриат, магистратура, Phd докторантура программаларынын аккредитацияга даярдыгы боюнча иш-чаралардын абалы (Баяндамачылар: МФТИТ институтунун программа жетекчилери);
2. 2025-2026-окуу жылынын бакалавриат, магистратура программаларынын квалификациялык жана магистрдик иштеринин темаларын жана жетекчилерин бекитүү (Баяндамачылар: МФТИТ институтунун кафедра башчылары, усулдук, академиялык кеңешчилер);
3. 2024-2025-окуу жылындагы окуу процессинин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер (Баяндамачы: МФТИТ институтунун директору, ф.-м.и.к., доцент Азимов Б.А.);
4. Ар түрдүү маселелер.

УГУЛДУ: Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, доцент Б.А. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-2-маселелерге 5-7 минутага чейин жана 3-маселе боюнча 13-15 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга, чыгып сүйлөөчүлөргө 3-5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе.**

***Угулду:*** МФТИТ институтунун бакалавриат, магистратура, Phd докторантура деңгээлдерин программалык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш-чаралардын пландары талкууланып, бекитилди. Программа жетекчи, доцент Т.М. Жолдошовдун билдирүүсү угулду.

*Угулду: Жолдошов Т.М. (КМИГД кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к., доцент):* КМИГД кафедрасынын 510200 Phd программасы колдонмо математика жана информатика деңгээли EdNet стандарттарына ылайык келүү үчүн аккредатциялык агентигинен 26-ноябрдан 28-ноябрь күндөрү өтөт. Жумушчу топ бекитилип, толук иштеп жатабыз. Ар бир пунк боюнча отчетторду, жоопторду жазып жатабыз. Бизге 30-октябрга чейин убакыт берилген, 30-октябрь акыркы маалыматтарды кайрадан жөнөтөбүз.

*Сайипбекова А.М. (КИИК кафедрасынын профессору):* жалпы канча докторант бар?

*Жолдошов Т.М. (КМИГД кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к., доцент):* жалпы 1-2-курстар боюнча 27 докторант бар.

*Сопуев А. (ИСП кафедрасынын профессору):* публикациялардын отчеттору, ссылкалары барбы?

*Жолдошов Т.М. (КМИГД кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к., доцент):* бар.

*Сайипбекова А.М. (КИИК кафедрасынын профессору):* коргоого чыгуу үчүн канча скопустан макала болуусу керек?

*Жолдошов Т.М. (КМИГД кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к., доцент):* коргоого чыгуу үчүн жок дегенде keminде 2 ден скопус макала болуусу шарт.

**2-маселе.**

УГУЛДУ: бул маселе боюнча институттун директору, доцент Б.А. Азимов билдирүү жасады.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, доцент Б.А. Азимов билдирүүнү колго салуу сунушун киргизди.

Окумуштуулар кенеши бир добуштан колдошту жана **ТОКТОМ** кылат:

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн Мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы жөнүндөгү" Жобосуна ылайык 2025-2026-окуу жылына Ош мамлекеттик университетинин математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун бакалавриат, магистратура программаларынын квалификациялык жана магистрдик иштеринин темалары жана жетекчилери бекитилсин.

**3-маселе.**

УГУЛДУ**:** институттун директору, доцент Б.А. Азимов 2024-2025-окуу жылындагы окуу процессинин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер боюнча жалпы маалымат берилди. (Отчет тиркелет.)

ТАЛКУУ:

*А.Ч. Омаралиев (институттун доценти):* отчет жакшы берилген. Бул жерде сырттан окуу бөлүмүндөгү студенттердин жетишүүсүнүн абсолюттук жана сапаттык жетишүү 91%, 77% болуп жасалмалуулук байкалып турат.

*Азимов Б.А. (жыйындын трагасы, ф.-м.и.к., доцент):* бул былтыркы окуу жылы боюнча отчет. Сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери проторинг аркылуу экзамен тапшырышып, экзаменден алган бааларынын жыйынтыгынын негизинде, кафедралар берген маалымат боюнча ушундай жыйынтык алдык.

*А.О. Абдувалиев (институттун доценти):* институттун жылдык отчету кеңири баяндалды. Канаатандырарлык деп эсептейм. QS рейтингдин талаптарынын негизинде студенттерди жок дегенде толук 1 же 2 семестр мобилдүүлүккө жөнөтүш зарыл. Кош дипломдуулукту да күчөтүшүбүз керек.

*Ы. Ташполотов (институттун профессору):* жылдык отчетту канаатандырарлык деп эсептейм. Университет боюнча 127 илимий проекти ОшМУну каржылап жатат. Биздин институт ошол проектердин 3 проекти эле камтыйт. Долбоорлор боюнча биздин институт бир аз жайыраак иш алып барып жатабыз. Университеттеги эң чоң институттардын катарын толуктайбыз, бирок, проектер, долбоорлор менен иштөө аз санда. Ушул маселелер боюнча кийинки жылдары иш алып баруубуз зарыл.

*Азимов Б.А. (жыйындын трагасы, ф.-м.и.к., доцент):* туура айтасыз агай, биз долбоорлор менен иштөө боюнча бир аз аксап жатабыз. Кудай буйруса, чет өлкөлүк өнөктөштөр менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатабыз, ишке ашырууга аракет кылып, биз да өз салымыбызды кошобуз деген үмүттөбүз.

*Аркабаев Н.К. (ИСП кафедрасынын доценти):* 1) коррупцияга каршы күрөшүүгө карата да айтып кетейин. Сырттан окуу бөлүмүндө сурануулар көп болот, эгерде суранып келе турган болсо анда 4төн төмөн баа коюу керек. Антпесек сырттан окуу бөлүмүнүн

студенттердин жетишүүсү күндүзгү окуу бөлүмүнүн жтишүүсүнөн да жогору болуп калган учурлар да бар. Себеби, азыр студенттердин баары эле 5 жана 4 деген бааларды алганга ынтызар. Сапатка басым жасасак жакшы болот эле.

2) Институтта тажрыйба алмашуу студенттер үчүн жакшы болуп жатат, окутуучулар үчүн мобилдүүлүктү күчөтүү керек. Сыртка чыккан окутуучулар кетирген чыгашаларын өзү төлөп чыгып жатышат. Ошол маселени ОшМУ төлөп берүү жагын да сунуштап берсеңиздер.

*Матиева Г. (институттун профессору):* бүгүнкү отурумда өтө орчундуу маселелер каралып жатат. Аткарылган иштерди угуп, отчет канааттандыраарлык деп ойлоймун. Деги эле студенттердин абсолюттук жана сапаттык жетишүүсү боюнча “4”, “5” сурагандарды караңыздар, мындай учурда предметтик окутуучулар жоопту болуп, ошолордон көз каранды. Бул байкалбаган нерсе болушу мүмкүн, бирок жаштар ушул маселеге аябай маани беришиңер керек. Жалпы иш-чаралар өз учурунда боло берет, а тарбиялык иштерди чын дилден өткөрүү керек. Ар бирибиз кызматтык милдетибизди так, чын дилден аткарсак ишибиз жакшы жыйынтыктар менен алдыга жыла берет.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ** кылат:

МФТИТ институтунун 2024-2025-окуу жылындагы окуу процессинин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттери боюнча Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ** кылат:

1. МФТИТ иститунун 2024-2025-окуу жылындагы окуу процессинин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттери боюнча баяндамачы доцент Б.А. Азимовдун отчету канааттандыраарлык деп табылсын;
2. SWOT анализде белгиленген кемчиликтерди жоюу үстүндө иш алып барууну аткаруу кафедра башчыларга жана директордун тиешелүү орун басарларына жүктөлсүн;
3. Окуу-усулдук, тарбиялык, маданий ж.б. иштер боюнча университеттин 4.0 талаптарына ылайык иш аракеттерди жүргүзүү кафедра башчыларга жана структура жетекчилерине милдеттендирилсин;
4. Күндүзгү жана сырттан окуган студенттердин катышуусун жана тартипти камсыздоо күчөтүлсүн. Бул иштин аткарылышы директордун окуу иштери боюнча орун басарларына жүктөлсүн;
5. Сабактардын сапатын көтөрүү, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн. Аткарылышы институттун методикалык кеңешинин төрайымына жүктөлсүн;
6. ОшМУнун академиялык репутациясын көтөрүү максатында кызматташтыктын натыйжалуу болушу үчүн үзгүлтүксүз иш чаралар жүргүзүлсүн. Анын аткарылышы кафедра башчыларга жана директордун илимий иштер боюнча орун басарына жүктөлсүн;
7. Илимий изилдөөлөрдү ОшМУнун илимий журналдарына жана SCOPUS базасындагы журналдарга жарыялоо боюнча үзгүлтүксүз иш чаралар жүргүзүлсүн. Аткарылышы кафедра башчыларга жана директордун илимий иштер боюнча орун басарына жүктөлсүн.
8. Студенттик тайпаларда тарбиялык иштерди жобого ылайык жогорку деңгээлде уюштуруу кураторлорго милдеттендирилсин;

9. Жогоруда айтылгандарды аткаруу тиешелүү кафедра башчыларына жана структура жетекчилерине, ал эми жалпы көзөмөлдөө МФТИТ институтунун директору, доцент Б.А. Азимовго жүктөлсүн.

**Ар түрдүү маселелер.**

а) математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент (МИОТжББМ) кафедрасынын КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, п.и.к., доцент Алтыбаева Мейликан Алтыбаевнанын юбилейлик 75 жылдык маарекесине жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн 55 жылдыгына арналган "Математикалык билим берүүгө заманбап мамилелер жана технологиялар" аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары аталышы менен макалалар жыйнагын басмага чыгарууну сунуштоо.

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* институттун математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент (МИОТжББМ) кафедрасынын профессору Алтыбаева Мейликан Алтыбаевнанын юбилейлик 75 жылдык маарекесине жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн 55 жылдыгына арналган "Математикалык билим берүүгө заманбап мамилелер жана технологиялар" аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары аталышы менен макалалар жыйнагын басмага чыгарууну сунуштоо үчүн МИОТжББМ кафедрасынан билдирүү келип түштү. Анда МИОТжББМ кафедрасынын башчысы, профессор Аида Осконовнага сөз берели.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* өзүнүздөргө белгилүү болгондой 2025-жылдын 12-13-сентябрь күндөрү математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент (МИОТжББМ) кафедрасынын профессору Алтыбаева Мейликан Алтыбаевнанын 75 жылдыгына арналган юбилейлик маарекесин өткөрдүк. Юбилейлик маарекеге карата 5 багыт боюнча пленардык жана секциялык иштерде баяндамалар окулган. Конференцияга келип түшкөн макалалардын баары антиплагиат системасынан текшерилип, рецензияланган. "Математикалык билим берүүгө заманбап мамилелер жана технологиялар" аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары аталышы менен макалалар жыйнагын басмага чыгаруу сунушун колдоп беришиңиздерди суранамын.

*А.О. Абдувалиев (колндонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын доценти):* жакшы сунуш экен, биз колдойбуз.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ЧЕЧИМ** кылды:

1. математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент (МИОТжББМ) кафедрасынын КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, п.и.к., доцент Алтыбаева Мейликан Алтыбаевнанын юбилейлик 75 жылдык маарекесине жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн 55 жылдыгына арналган "Математикалык билим берүүгө заманбап мамилелер жана технологиялар" аттуу Эл аралык

илимий-практикалык конференциянын материалдары аталышы менен макалалар жыйнагын басмага чыгаруу сунушталсын;
2. Бул чечимди колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кенешинен суралсын.

б) ОшМУнун башкы илимий кызматкери, МФТИТ институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын профессору Юлдашев Турсун Камалдиновичти "ОшМУнун Ардактуу профессору" наамына сунуштоо.

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* өзүңүздөргө белгилүү учурда ОшМУнун башкы илимий кызматкери, ф.-м.и.д., профессор Юлдашев Турсун Камалдиновичти "ОшМУнун Ардактуу профессору" наамына сунуштоо маселеси боюнча колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынан билдирүү келип түштү.

*Т.М. Жолдошов (КМИжГД кафедрасынын башчысы, доцент):* профессор ОшМУнун илимий потенциялын жогорулатууда өзүнүн салымын кошуп келүүдө. Бүгүнкү күндө 3 PhD докторанттын илимий жетекчиси, эки докторанттын илимий кеңешчиси. ОшМУнун илимий журналында макалалары жарык көргөн. Ошондой эле, дүйнөдөгү эң мыкты окумуштуулардын катарына кирген. Мен кафедра башчысы катары кафедранын окутуучулук курамынын ой-пикирлерин эске алып, Юлдашев Турсун Камалдиновичти "ОшМУнун Ардактуу профессору" наамына сунуштаймын жана колдоп берүүңүздөрдү суранам.

*А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доцентти, ф.-м.и.к.):* жакшы сунуштоо болуп жатыптыр, өзүбүзгө белгилүү болгондой учурда ОшМУга жогорку Эл аралык кызматташуу жүрүп жатат. Мен жогорудагы сунушту колдоймун.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* Анда ушул сунушту добушка коемун.

Жогоруда берилген маалыматтардын, талкуунун негизинде Окумуштуулар кеңеши сунушту бир добуштан колдоп, **ЧЕЧИМ** кылат:
1. ОшМУнун башкы илимий кызматкери, МФТИТ институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын профессору Юлдашев Турсун Камалдинович "ОшМУнун Ардактуу профессору" наамына сунушталсын;
2. Бул чечимди колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кенешинен суралсын.

в) Чжэцзян технологиялык университетинин профессору Xinyi Yuну "ОшМУнун Ардактуу профессору" наамына сунуштоо.

*Угулду: Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* өзүңүздөргө белгилүү учурда ОшМУнун өнөктөшү Кытай Эл Республикасынын Чжэцзян технологиялык университетинин профессору Xinyi Yuну "ОшМУнун Ардактуу профессору" наамына сунуштоо маселеси каралып жатат.

*Билими:*

| **Убакыт** | **Окуу жай** | **Адистиги** | **Даражасы** |
|---|---|---|---|
| 1998-ж. сентябрь 2002-ж. июнь | Харбин илим жана технология университети | Мехатроника | Бакалавр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2002-ж. сентябрь 2005-ж. март | Харбин илим жана технология университети | Мехатроника | Магистр |
| 2005-ж. сентябрь 2009-ж. март | Харбин Политехникалык Институту | Механикалык долбоорлоо жана теория | Ph.D. |

*Кесиптик тажрыйбасы:*

| Убакыт | Орду | Уюм | Кызматы |
|---|---|---|---|
| 2009-ж. сентябрь – 2012-ж. июнь | Фошан | Фошан кадрлар бюросу постдок станциясы | Постдоктор |
| 2012-ж. июнь – 2018-ж. декабрь | Ханчжоу | Чжэцзян технологиялык университети, Маалымат инженериясы колледжи | Лектор, магистрлердин жетекчиси |
| 2019-ж. январь – 2024-ж. декабрь | Ханчжоу | Чжэцзян технологиялык университети | Доцент, магистр жетекчиси |
| 2022-ж. сентябрь – 2023-ж. июль | Ханчжоу | Чжэцзян университети | Изилдөөчү окумуштуу (Visiting Scholar) |
| 2021-ж. январь – азыркыга чейин | Ханчжоу | Чжэцзян технологиялык университети | Ph.D. жетекчиси |
| 2025-ж. июль – азыркыга чейин | Ханчжоу | Чжэцзян технологиялык университети | Ph.D. жетекчиси |
| 2013-ж. январь – азыркыга чейин | Сучжоу | Jiangsu Huibo Robot Technology Co., Ltd. | CTO |

Xinyi Yuну “ОшМУнун Ардактуу профессору” наамына сунуштаймын жана колдоп берүүңүздөрдү суранам.

*Т.М. Умаров (NEXT GENERATION HUBнын директору)* ОшМУга Орто Азиядагы эң алдыңкы робототехника каражаттары алынып келинди, бул борбор Орто Азияда жалгыз борбор болуп эсептелет жана техникалык базаны түзүүдө Xinyi Yuнун салымы аябай чоң болду.

*А. Сопуев (ИСП кафедрасынын доцентти, ф.-м.и.к.):* жакшы сунуштоо болуп жатыптыр, баарыбызга белгилүү болгондой, азыр көрүп жатасыздар баарыңыздар учурда ОшМУга жогорку деңгээлдеги инвестиция тартуулап, чоң көлөмдөгү (борбор) лобаротория ачып, эки жактуу кызматташуу жүрүп жатат. Мен жогорудагы сунушту колдоймун.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* Анда ушул сунушту добушка коемун.

Жогоруда берилген маалыматтардын, талкуунун негизинде Окумуштуулар кеңеши сунушту бир добуштан колдоп, **ЧЕЧИМ** кылат:

1. Профессор Xinyi Yu “ОшМУнун Ардактуу профессору” наамына сунушталсын;
2. Бул чечимди колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кенешинен суралсын.

г) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти, изденүүчү Азимов Бектур Абдырахмановичтин доктордук диссертациялык ишине илимий кеңешчисин бекитүү.

*Т. Матисаков (институттун директорунун окуу иштери боюнча орун басары, доцент):* КМИжГД кафедрасынын доценти, изденүүчү Б.А. Азимовдун 01.01.02—дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу адистиги боюнча “Өзгөчө чекитүү өзгөчө козголгон дифференциалдык теңдемелердин чечимдеринин асимптотикасы” деген темадагы доктордук диссертациалык ишине илимий кеңешчиси ф.-м.и.д., профессор Турсунов Дилмурат Абдиллажановичтин макулдугу бар.

Доцент Азимов Бектур Абдырахмановичтин илимий кеңешчиси катары ф.-м.и.д., профессор Турсунов Дилмурат Абдиллажановичти жана 01.01.02—дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу адистиги боюнча “Өзгөчө чекитүү өзгөчө козголгон дифференциалдык теңдемелердин чечимдеринин асимптотикасы” аталышындагы илимий темасын бекитип берүү сунушун Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнө колго салам.

Макул-40, каршы-жок, калыс-жок.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ЧЕЧИМ** кылды:

1. Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти, изденүүчү Азимов Бектур Абдырахмановичтин 01.01.02—дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу адистиги боюнча “Өзгөчө чекитүү өзгөчө козголгон дифференциалдык теңдемелердин чечимдеринин асимптотикасы” деген темадагы доктордук диссертациалык ишине илимий кеңешчиси ф.-м.и.д., профессор Турсунов Дилмурат Абдиллажанович дайындалсын;
2. Бул сунушту колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

д) ОшМУнун бүтүрүүчүсү ф.-м.и.к. Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевич 01.01.04 – геометрия жана топология адистиги боюнча доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитүү жөнүндө.

**Угулду:** Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевичтин илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү аткарган иштери жөнүндөгү кыскача баяндамасы угулду.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* бул маселе боюнча алгебра жана геометрия кафедрасынан билдирүү келип түштү. Мында М.Р. Нарбаевдин доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитип берүү суралган. Илимий кеңешчисинин макулдугу жана кафедранын кеңешмесинин баянынын көчүрмөсү бар. М.Р. Нарбаевдин илимий кеңешчиси жана илимий темасы такталган:

- илимий кеңешчиси: ф.-м.и.к., профессор Канетов Бекболот Эменович;

- илимий темасы: 01.01.04 – геометрия жана топология адистиги боюнча “Бир калыптуу мейкиндиктердин жана алардын чагылдырууларынын теориясынын айрым көйгөйлөрү”.

Ф.-м.и.к. Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевич илимий кеңешчиси катары ф.-м.и.к., профессор Канетов Бекболот Эменовичти жана 01.01.04 – геометрия жана топология адистиги боюнча “Бир калыптуу мейкиндиктердин жана алардын чагылдырууларынын теориясынын айрым көйгөйлөрү” аталышындагы илимий темасын бекитип берүү сунушун Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнө колго салам.
Макул-40, каршы-жок, калыс-жок.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ЧЕЧИМ** кылды:
1. Ф.-м.и.к. Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевич 01.01.04 – геометрия жана топология адистиги боюнча “Бир калыптуу мейкиндиктердин жана алардын чагылдырууларынын теориясынын айрым көйгөйлөрү” аталышындагы илимий темасы бекитилсин жана илимий кеңешчиси болуп ф.-м.и.к., профессор Канетов Бекболот Эменович дайындалсын;
2. Жогорудагы чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

е) институттагы 2024-2025-окуу жылында координациялык кеңештин баалоосу боюнча төмөн көсөткүчкө ээ болгон билим берүү стандарттарын талкуулоо жана тармактык кеңешке сунуштоо (Баяндамачылар: программа жетекчилер);

УГУЛДУ: институттагы 2024-2025-окуу жылында координациялык кеңештин баалоосу боюнча төмөн көсөткүчкө ээ болгон билим берүү стандарттарын талкуулоо жана тармактык кеңешке сунуштоо:

1. 640200 – Электр менен камсыздоо (бакалавриат, магистратура);
2. 750100 – Архитектура (бакалавриат);
3. 710200 – Информациялык системалар жана технологиялар (бакалавриат).

УГУЛДУ: Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент): өткөн окуу жылында институтта окутулуп жаткан ар бир багыт боюнча жаңы билим берүү стандарттарды түзүү жана аны талкуулоо боюнча тиешелүү жумушчу топтор жана тармактык комитет түзүлүп, иш алып барышты. Стандарттар бир нече жолу текшерилип, жаңы стандарттар иштелип чыкты. Билим берүү программаларынын жаңы стандарттар боюнча түзүлгөн базалык окуу пландары иштелип чыгып, бир канча жолу текшерүүдөн өтүп, талкууланып, тиешелүү кафедранын кеңейтирилген кеңешмелеринде каралган. Институттун кезексиз Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 5-июлундагы №2 отурумунда институттагы билим берүү программасынын базалык окуу пландары каралып, тармактык кенеште да каралып, талккуланып ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталган жана бекитилген. Бирок, координациялык кеңештин баалоосу боюнча институттун жогорудагы 3 багыты начар көрсөткүчкө ээ болуп, ал багыттар боюнча программа жетекчилер жумушчу топтор менен иш алып барышып, стандарттардын үстүнөн кайрадан иштешти.

Бүгүн биз бул маселени дагы бир жолу институттун Окумуштуулар кеңешинде талкуулап, тармактык комитетке сунуштасак.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* бул маселе бекитиле элек билим берүү стандарттарын талкуулоо жана тармактык кеңешке сунуштоо. Атап айтканда, "640200 – Электр менен камсыздоо" (бакалавриат, магистратура) "750100 – Архитектура" (бакалавриат), "710200 – Информациялык системалар багыттарынын билим берүү стандарттары 2024-2025-о. ж. координациялык кеңештин баалоосу 50% төмөн болгон. Бул стандарттар кайрадан текшерүүдөн өтүп, зарыл өзгөртүүлөр киргизилип, акыркы версиялары даярдалды.
Жогорудагы аталган багыттардын программа жетекчилеринин билдирүүлөрү угулду.

**ТАЛКУУ:**

*А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доценти):* бул тиешелүү кафедрада тиешелүү багыттар боюнча билим берүү стандарттары кайрадан каралып, иштелип чыгыптыр. Менин оюмча бир канча текшерүүдөн өтсө, анда тармактык кеңешке сунуштасак болот.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* туура айтасыз, ар бир жумушчу топтор бир нече жолу бул маселе боюнча жыйындарды өткөрүп, тиешелүү кафедранын кеңейтирилген кеңешмелеринде каралып жана тармактык комитетте да бир канча жолу талкуулаганбыз.

*Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* билим берүү стандарттары тиешелүү кафедранын кеңейтирилген кеңешмелеринде каралган. Андан сырткары ар бир жумушчу топтор да бир нече жолу бул маселе боюнча жыйындарды өткөрүшүп, талкуулашкан. Анда бул сунушту тармактык комитетке сунуштай берсек болот.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана ЧЕЧИМ кылды:

1. институттагы 2024-2025-окуу жылында координациялык кеңештин баалоосу боюнча төмөн көсөткүчкө ээ болгон билим берүү стандарттарын талкуулоо жана тармактык кеңешке сунуштоо боюнча программа жетекчилеринин билдирүүлөрү эске алынсын;
2. институтта окутулуп жаткан төмөнкү багыттар боюнча билим берүү стандарттарын физика-математикалык, инженердик-техникалык билим берүү багыттары боюнча тармактык комитетке кароого сунушталсын:

1. 640200 – Электр менен камсыздоо (бакалавриат, магистратура);
2. 750100 – Архитектура (бакалавриат);
3. 710200 – Информациялык системалар жана технологиялар (бакалавриат).

Окумуштуулар кеңешинин
төрагасы — Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы — З.Ж. Мурзакматова